**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы**
**Тарых жана маданий мурас институту**
**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

Д.07.11.025 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК: 947.1: 008 (575.2) (043.3)**

**Жумалиева Сайкал Чубаковна**

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ УЛУТТУК-МАДАНИЙ БОРБОРЛОРДУН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек - 2012**

**Диссертациялык иш Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Байыркы жана орто кылымдардагы Кыргызстан тарыхы кафедрасында аткарылды.**

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору, профессор
**Өмүрбеков Токторбек Наматбекович**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору,профессор
**Курманов Зайнидин Карпекович**

тарых илимдеринин кандидаты, доцент
**Курумбаева Гульнара Дауталиевна**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Кыргызстан жана чыгыш өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы, дареги: 070040, Бишкек шаары, Тынчтык пр., 27.

Диссертациялык иш 2012-жылдын « 6» июлда саат 15-00 дө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтундагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 07.11.025 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2012-жылдын “_____”______________жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, т.и.д., профессор** **Батырбаева Ш.Д.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманы изилдөөнүн актуалдуулугу.** СССРдин ыдырашы жана Кыргызстандын көз карандысыздыкка ээ болушу менен биздин өлкөдө улут аралык мамилелерди, тынчтыкты сактоо проблемаларын чечүүнүн жолдорун жаңыдан изилдөө талап кылына баштады. Суверендүү Кыргыз мамлекетинин бирдиктүү элин түзүшкөн улуттардын кызыкчылыгын көздөгөн улуттук-маданий борборлор (УМБ) улуттук маданияттын көп түрдүүлүгүн сактоо, келечек муундарга мурас калтыруу максатында жаралган. Алардын саны, курамдык түзүлүшү, курамы жана ага болгон мүчөлүгү коомдогу демократиянын өнүгүү деңгээли, мамлекеттик маданий потенциалы жана башкалар менен аныкталат. Улуттук маданий борборлор аткара турган иш-милдеттер акырындап кеңейип, уламдан-улам татаалдана берет. Улуттук-маданий борборлордун тарыхый тажрыйбасын изилдөө - алардын өз милдеттерин жана максаттарын ишке ашыруу боюнча ишмердүүлүктөрүн жеткиликтүү өнүктүрүп-өркүндөтүү үчүн зарыл болуп саналат.

Алгачкы аткарылган иш-чаралардын эң маанилүүсү катары 1994-жылы Кыргызстан калкынын ассамблеясынын (КЭА) түзүлүшүн атасак болот. Ассамблея өз курамына бир нече улуттук-маданий борборлорду камтыган коомдук уюм болуу менен бирге КР Президентинин алдындагы кеңеш берүүчү орган статусуна ээ болгон. КЭА постсоветтик мамлекеттер арасындагы алгачкылардан болуп түзүлгөн уюм экендигин да белгилей кетүү керек.

Тарыхый мекенинин чегинен сырткары жашаган ар бир элдин ошол өздөрү жашап жаткан өлкөлөрдө сөзсүз түрдө чакан топтору болот. Ошондуктан, коомдун ар бир мүчөсү жана ар бир этностук топ Кыргызстан калкынын тең укуктуу мүчөлөрүнөн болушу керек. Жергиликтүү этностордун жана келгин этностук топтордун өкүлдөрүнүн тарыхый тамырлары жана маданий жетишкендиктери тууросында канчалык көп билген сайын, жарандык коомдо бири-бирин ошончо көп түшүнүү тереңдеп, тилектештик сезими калыптанат.

Кыргызстандагы УМБны изилдөөнүн илимий актуалдуулугу региондун полимаданий контекстинде ар бир элдин улуттук-маданий суроо-талаптарын канааттандыруу ыкмаларынын жана каражаттарынын мындай түрлөрүн терең түшүнүү зарылдыгы менен аныкталат. 1980-жылдардын аягы 1990-жылдын башынан баштап, Кыргызстандагы этностордун арасында улуттук аң сезимдин жогорулоосу байкалды. Мындай проблемалар өлкөнүн саясий турмушунда приоритеттүү болуп калгандыгын да эске салуу керек. Улуттук бирикмелердин лидерлери проблеманын олуттуулугун түшүнгөн алгачкы лидерлер болушту, ал эми УМБны изилдөө, алардын пайда болуусу жана өсүп-өнүгүүсү эң актуалдуу маселелердин катарына кирди.

Улуттук-маданий коомдук бирикмелерди изилдөөдө айрым кыйынчылыктар бар, алар, *биринчиден,* улуттук-маданий бирикмелердин акыркы 20 жылдагы активдешүүсүнө байланыштуу тарыхнаамалык кыйынчылыктарды туудурат. *Экинчиден,* улуттук-маданий борборлордун ишмердүүлүгүнүн жардамы менен жаш муундардын коомдошуусу жана этностук идентификациясы жүрөт. *Үчүнчүдөн,* улуттук-маданий борборлор маданий-

агартуу мекемелеринин функциясын аткарат. *Төртүнчүдөн,* маданияттар аралык алаканын проблемалары маданияттаануучулук дискурс позициясынан алганда этностук маданияттардын өзгөчөлүгүн изилдөөсүз чечилиши мүмкүн эмес.

Изилденип жаткан тема боюнча тарыхнаамалык материалдарды жалпылоо зарылдыгы мүнөздөлөт. Буга окшогон изилдөөнүн зарылдыгы биздин коомдогу жашоонун өнүгүш өзгөчөлүгү менен, ошондой эле, калктын миграциялык жагдайына байланышкан акыркы окуялар менен такталган. Өз өлкөсүнөн сырткары жашаган элдердин этномаданий мүнөздөрүн үйрөнүү - дүйнөлүк маданияттын жалпы фондунун курамдык бөлүгү катары да, жалпы элдин маданий өзгөчөлүктөрүн мүнөздөө үчүн да зарыл.

Изилдөөнүн аймактык-хронологиялык чектери 1989-жылдан (УМБ пайда болгон датадан) тартып, азыркы учурга чейинки жыйырма эки жылдан ашуун мезгилди камтыйт.

**Диссертациялык эмгектин илимий программалар жана негизги илимий иштер менен байланышы.**

Диссертация Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу факультетинде аткарылган демилгелүү иш болуп саналат.

**Диссертациянын максаты жана милдеттери.**

Изилдөөнүн негизги максаты — УМБнын пайда болушу жана алардын ишмердүүлүктөрүнүн маани-маңызын ачуу, ошондой эле УМБнын коомдук-саясий ишмердүүлүгүнүн теориялык жана практикалык аспектилерин, анын Кыргыз Республикасынын этносаясий өнүгүшүнө тийгизген таасирин аныктоо.

Ага жетишүү үчүн төмөнкү **милдеттер** коюлган:

- Кыргызстандагы маданий борборлордун пайда болуусунун, өнүгүүсүнүн өбөлгөлөрүн жана шарттарын ачып көрсөтүү;
- УМБ уставдык жана башка укуктук документтерине талдоо жүргүзүү;
- УМБнын түзүлүшүнө, иш-милдеттерине жана өнүгүүсүнүн теориялык-методологиялык аспектилерине коомдук-саясий жана жарандык институт катары тарыхый изилдөө жүргүзүү;
- УМБ ишинин аксиологиялык негизин карап чыгуу, УМБ ишинин өнүгүү келечектерин аныктоо;
- УМБнын изилденишинин тарыхнаамасына тарыхый сереп берүү;
- УМБ негизделишине, анын ишмердүүлүгүнө тийиштүү негизги тарыхый булактарды ачып берүү;
- Кыргызстан калкынын ассамблеясынын ордун, ролун жана кызматын азыркы этаптагы коомдук-саясий институт катары мүнөздөп ачуу;
- Советтик мезгилден кийинки мейкиндикте Кыргызстан калкынын ассамблеясы сыяктуу саясий институттардын пайда болушун жана алардын иш-милдеттерин изилдөө;
- УМБнын Кыргызстандын элинин руханий жашоосундагы маанисин аныктоо, мамлекеттин коомдук-маданий тутумундагы этностук диаспоралардын өкүлдөрү катары УМБнын абалына объективдүү мүнөздөмө берүү.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы.**

Этносаясий процесстерде улуттук-маданий борборлордун ролун изилдөөнүн теориялык методологиялык аспектилери негизделген;

- Кыргыз Республикасынын улут аралык мамилелер тармагындагы мамлекеттик саясаты анализденди;
- изилденип жаткан тема боюнча буга чейинки жана жаңы адабияттардын тарыхнаамасына илимий көз караштагы анализдик пикир берилди;
- УМБ ролунун өсүшүнүн объективдүү жана субъективдүү факторлору чечмеленди;
- Кыргызстан калкынын ассамблеясынын пайда болуу себептери боюнча автордун көз карашы сунушталып, буга окшогон этносаясий институттардын КМШ мейкиндигинде пайда болуусу каралды;
- Кыргызстан калкынын ассамблеясынын ичиндеги улуттук борборлордун функциясы, иш алып баруу ыкмалары жана механизмдеринин иштеши негизделди;

УМБнын этносаясий институт катары көп улуттуу мамлекет болгон Кыргыз Республикасындагы иш-милдеттери, ошондой эле демократиялык саясий тутумдардагы стабилдештирүүчү фактор катары чечүүчү ролу аныкталды.

**Диссертациянын илимий-практикалык мааниси.**

Диссертациялык иштин конкреттүү бай материалы, жоболору менен жыйынтыктары мамлекеттик жана өкмөттүк эмес мекемелердин аналитикалык иштери үчүн көмөк берүүсү шексиз. Топтолгон тажрыйбаны жалпылоо кыргыз тарыхый илими үчүн чоң маниге ээ. Диссертациянын материалдарын ЖОЖдордогу тарых жана башка социалдык-гуманитардык сабактарында, этносаясат проблемалары боюнча атайын жана даярдоо курстарында колдонууга болот. Мындагы негизги жоболорду конфликтология боюнча атайын курстарды даярдоодо, ошондой эле, коомдук-саясий, мамлекеттик жана эл аралык ишмерлер, улуттук-маданий борборлор тарабынан социалдык жана маданий программаларды иштеп чыгууда пайдаланса болот. Улут аралык мамилелерди, ар кандай араздашууларды, Кыргызстандагы туруктуулук, коопсуздук көйгөйлөрүн жана тутумдук абалды талдоодо колдонууга болот.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору.**

Илимий изилдөөнүн жыйынтыгында коргоого төмөндөгү негизги жоболор сунуш кылынат:

**1.** Тоталитардык коомдун акыркы жылдарында жана көз карандысыздык шарттарында пайда болгон улуттук-маданий борборлордун өнүгүүсүнүн тарыхый өбөлгөлөрүн илимий жактан изилдөө - Кыргызстандын этносторунун азыркы кездеги маданиятынын реалдуу өнүгүшүн камсыз кылат.

**2.** Кыргызстанда УМБнын түзүлүү жана калыптануу тарыхы өз алдынча илимий проблема болуп саналат, аны атайын фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдүн деңгээлиндеги пайда болуу шарттарына карата ар кандай топко бөлүп өзүнчө изилдөө талап кылынат.

**3.** Азыркы коомдогу маданий жараян жана этностор аралык ынтымак УМБнын ролуна жана ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүнө, өнүгүүнүн

келечегине жана артыкчылыгына, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын улуттук саясатын өнүктүрүүгө жараша калыптанат.

**4.** Кыргызстандын мамлекеттик улуттук саясат улут аралык жаңжалсыз мамилелерге багытталган. Улуттук-маданий борборлор этностук топтордун тең укуктуулугунун гаранты болуп саналат, бирок алар өз ишмердүүлүгү менен бардык этностук топтордун ортосундагы диалогду толук кандуу камсыз кыла элек.

**5.** Бүгүнкү күндө Кыргызстан калкынын ассамблеясынын улуттук айрымачылыктарга карабай, коомдук-саясий институт катары укуктардын жана эркиндиктердин теңдиги үчүн эл аралык принциптерге ылайык жүргүзгөн иштери алгылыктуу натыйжа бере элек.

**6.** УМБ ички саясий жана коомдук жараяндарга эле эмес, Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттер менен болгон эл аралык мамилелерине да интеграциялык таасир көрсөтөт, ал бир этностун жана ар кандай этностук топтордун өкүлү катары да улуттарды консолидациялайт.

**Изилдөөчүнүн өздүк салымы.**

Диссертациялык иш өз алдынча аткарылган иш болуп саналат. Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө көптөгөн али белгисиз жана баалуу маалыматтарга ар тараптуу терең талдоо жүргүзүлүп, ынанымдуу жыйынтыктар чыгарылды. 2011-жылы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин «Булак таануу, тарыхнаама жана тарыхый информатика» кафедрасы тарабынан өткөрүлгөн «*Межэтническая ситуация в Кыргызстане: истоки и развитие конфликтных ситуаций (с XVIII в. до новейшего времени) с применением ГИС технологий»* деген аталыштагы илимий долбоордун алкагында Чүй, Талас, Ысык-Көл жана Ош облустарындагы этностордун (курд, чечен, дунган, түрк, азербайжан жана орустар) арасында социологиялык сурамжылоо жүргүзүлдү. ЮНЕСКО тарабынан тартылган курд диаспорасына байланыштуу даректүү фильмдин режиссердук милдетин аткарган.

**Диссертациянын апробацияланышы:** Диссертациялык иштин негизги жыйынтыктары эл аралык жана илимий теориялык конференцияларда, тегерек үстөлдөрдө талкууга алынган.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы**. Ата Мекендик жана чет элдик басылмаларда иштин мазмунуна байланыштуу сегиз макала жарык көргөн жана автор катары изилдөөнүн жыйынтыктары коллективдүү «Полиэтническое население Кыргызстана: тенденции и динамика формирования (с конца XIX до начала XXI века)» деген монографияда чагылдырылган.

**Диссертациянын көлөмү.** Иш киришүүдөн, үч баптан, жыйынтыктардан жана практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын (245) тизмесинен жана тиркемелерден (8) турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Биринчи бап **"Улуттук–маданий борборлорду изилдөөнүн тарыхнаамасынын аспектилери"** деп аталып, Улуттук маданий борборлор боюнча чет өлкөлүк, советтик жана Ата Мекендик окумуштуулардын илимий эмгектерине талдоо жүргүзүлдү.

Изилденип жаткан улуттук-маданий борборлордун тарыхнаамалык изилдөө базасын түзгөн адабияттардын саны жетишерлик кеңири. Диаспоралардын классикалык типтери, аны салыштыруу жана спецификациялоо менен байланышкан изилдөөлөр чет өлкөлүк адабияттарда кенен изилденип, диаспоралык окшоштуктун структуралык анализ маселелерине, анын натыйжасында этникалык ядронун окшоштукка жана айырмачылыкка дагы ээ болгондугуна, ошондой эле, этностун туруктуу жашап турган өлкөсүнүн трансформациясына олуттуу көңүл бөлүшкөн.

XX кылымдын 80-жылдарынын аягынан баштап, айрыкча Советтер Союзу ыдырагандан кийин улут аралык мамилелердин курчушу менен илимде ар кандай аспектиде аларды жөнгө салуу механизмдери, өзгөчө ар тараптуу түрдө миграция маселеси, анын ичинде УМБ өнүгүүсү, калыптануусу жана алардын ролу изилдене баштаган. Бул багытта Н.Е. Бекмаханова [17], Р.Г. Абдулатипов [1], Ф.Ю. Албакова, Х.Ф. Болтенкова, М.Н. Губогло, А.Ф. Дашдамиров, В.Ю. Зорин [39], В.Н. Иванов, К.В. Калинина [40], Н.П. Медведев, В.А. Михайлов [62], П.Т. Тимофеевдин ж.б. эмгектери кеңири белгилүү. Этноулуттук изилдөөлөрдүн негизгилери болуп Москва шаарынын басмаларында чыккан профессор Л.М. Дробижеванын [31,32] редакциясы астында иштелген В.А. Тишков [89,90], С.А. Арутюнов [8], Г.У. Солдатованын [83] ж.б. эмгектери эсептелинет.

КМШга кирген мамлекеттердеги мамлекеттик улуттук саясаттын концептуалдык негиздерин калыптандырууга арналган эмгектерде изилдөө проблематикасынын ар кандай аспектилери менен катар УМБнын кээ бир суроолору үстүртөдөн каралып калган, ал эмгектерде аларга негизинен улуттук кайра жаралуу процессинин натыйжасында пайда болгон уюм катары улуттук мамилелерди теске салууда тийгизе турган мүмкүнчүлүктөрүнө көңүл бурушкан.

Кыргызстанда улуттук-маданий борборлорду изилдөөлөрдүн негизи дагы жалпы улут аралык мамилелерди теске салуу маселесинин алкагында пайда болгон. Кыргызстанда жашаган башка улуттардын өкүлдөрү өз элинин тарыхын чагылдыруу менен УМБнын тарыхын да кандайдыр бир денгээлде камтып, УМБнын тарыхнаамасынын калптанышына өбөлгө түзгөн. Мисалы, Балян [14], А. Гасанов [26,27], Ю.Я. Лома, Р.У. Юсупов, И.Р. Рафитов [76], Г.Хамраева [95], К. Кронграддын [46,47] эмгектеринде өз улутунун негизги демографиялык мүнөздөмөлөрү менен бирге, жер которуу саясатынын тарыхы, т.а., алардын XIX кылымдын акыркы чейрегинен тартып, Кыргызстандын көз карандысыздыкка ээ болгон күнгө чейинки тарыхынын ар кыл суроолору каралган. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда украин [92,93], грек [80], еврей [109],

орус [77], дунган [60,107], корей [33,58,59], татар [18], курд [12], Кавказ [48,49] жана ошондой эле, Европа элдеринин диаспораларынын калыптанышынын тарыхы боюнча канааттандырарлык деңгээлдеги эмгектер иштелип чыккан [46,47]. Ал эми, А.Жекшенкуловдун ишинде бул проблемалар саясий модернизациялоонун, алардын Россия менен кызматташтыкты бир тараптуу өнүктүрүүнүн негизинде өнүккөн цивилизациялуу мамлекеттердин системасына кирүүгө умтулуусунун призмасы аркылуу каралат [28].

"Казакстандагы жана Кыргызстандагы 1987-1991-жылдардагы коомдук уюмдар" аттуу китеп жаңы коомдук бирикмелер жана кыймылдар боюнча биринчи жалпы мүнөздөгү иш катары саналат [121]. Маалымдаманын тажрыйбасы Казакстан жана Борбордук Азия боюнча кыдыруулар учурунда түзүлгөн. Иш коомдук бирикмелердин калыптануу процессин изилденген маалыматтык басылма болуп эсептелет. Бул маалымдамада эч кандай улуттук-бирикмелер жөнүндө маалымат айтылбайт. 2008-жылы чыккан А. Раимжановдун монографиясында Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарындагы тажиктер жана Рудаки атындагы тажиктердин коомдук бирикмесинин ишмердиги жөнүндө айтылат [75]. Г.Н. Хлыпенконун редакциясы астында түзүлгөн коллективдүү жыйнакта макалалар, изилдөөлөр, этникалык тарых, демография, социология, кыргызстандык украиндердин маданият, тили жана украиндердин УМБсы "Берегинянын" ишмердиги боюнча маалыматтар камтылган [93]. Бул китептин 2006-жылы чыккан экинчи чыгарылышы биздин республикадагы украин этносунун бир жарым кылымдык тарыхын камтыган комплекстүү изилдөө болуп саналат [92]. Бул багытта А.А. Асанканов Кыргызстан элдеринин Ассамблеясынын ишмердигин изилдөө менен айрым этностордун арасында этникалык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн зарылдыгын белгилегендиги жана улуттар аралык мамилени чыңдоодо УМБдун ролуна берген баасы УМБнын тарыхнаамасы үчүн маанилүү болуп саналат.

КЭАга арналган эмгектердеги Дж. А.Омукеева [71] А.Б. Элебаева жана Б.Ж. Бешимовдун макалаларын да айта кетүү абзел, ал макалалар эгемендүүлүккө жеткен мезгилден бери ар кандай коомдук, саясий маселелерге, УМБнын түзүлүшүнө, ишмердүүлүгүнө, тарыхына жана УМБнын калыптануу маселелерине арналган [103,13-22-б.]. Ал эми, А.Элебаева менен Н. Омуралиевдин макаласында УМБнын түзүлүшүнө, анын ичинен немецтердин УМБсынын тарыхына баа берилген, ошондой эле, УМБнын лидерлеринин экономикалык реформалардан (менчиктештирүү, баалуу кагаздардан) четте калгандыгын белгилешкен [104,60-82-б.]. Ч.У. Койчумановanын монографиясында КЭАнын 1994-2004 жылдардагы ишмердүүлүгүнө, УМБнын Кыргызстандын коомдук-саясатына, мамлекеттик башкаруу саясатына тийгизген таасирине анализ берилет [42].

Акыркы жылдары бир катар кыргызстандык окумуштуулар: тарых, саясий жана эл аралык мамилелер ж.б. илимдин ар кандай тармактары боюнча кандидаттык, докторлук диссертациялык иштерин аткарышты. Булардын ичинен диаспоралык тематикага өзүнүн жаңычыл мамилеси, пайдаланылган булактардын кеңирилиги жана талкуулоорлордун негиздүүлүгү менен А.П.

Ярковдун диссертациялык изилдөөсү өзгөчө көңүлдү бура алат [123], Л.Ю. Немещина [118] Т.Т. Сырдыбаев [120], Т.А. Асантурова [113], С.А. Абдылхамитов [112], Г.Л. Горборукова [114], Е.П. Шульганын [122] эмгектерин да белигилеп кетүүгө болот. Кыргызстандын улуттар аралык жана миграциялык проблемаларына арналган диссертациялардын катарын Ж.Т. Нурдинова [119] менен А.Р. Муксинованын [116] эмгектери, жакынкы чет өлкөлөрдүн УМБсына арналган Ш.В. Телепинанын "Национально-культурные центры Республики Казахстан: становление, деятельность, проблемы (1985-1995-ж.)" [121], Д.С. Нарматованын «Роль Ассамблеи народов Казахстана как общественно-политический институт в полиэтническом государстве" аттуу диссертациялык изилдөөлөрдү да толуктайт [117].

Ошону менен бирге УМБнын негизделиши, өнүгүшү, ар кыл ишмердүүлүгү бүгүнкү күнгө чейин атайын изилдөөнүн объектиси катары карала элек. Буга чейинки каралган эмгектерде УМБнын кээ бир маселелери жалпы жонунан изилденгени менен, толугу менен бул коомдук уюмдун ички маңызы, мазмуну ишмердүүлүгүнүн жалпы закон ченемдүүлүгү, бүгүнкү күндө башка коомдук уюмдардан өзгөчөлүгү илимий жактан толук, ар тараптуу изилдене элек.

Экинчи бап **"Кыргызстандын улуттук-маданий борборлорун тарыхый изилдөөлөрдүн булактары жана методдору"** деп аталып, улуттук-маданий борборлорду изилдөө боюнча тарыхый булактарга талдоо жүргүзүлдү.

Илимий айлампага киргизилген тарыхый булактар маалыматты сактоо өзгөчөлүктөрүнө, изилдөө ыкмаларын колдонуу жана маалыматтык мүмкүнчүлүгүнө карата бир нече топко бөлүнүп, аларга таануучулук талдоо жүргүзүлдү. Диссертациянын булактарынын негизи катары УМБнын нормативдик укуктары жана иш жүргүзүү кагаздары, уставдары, протоколдору, жылдык отчеттору, УМБнын жетекчилери жана мүчөлөрү менен болгон аңгемелешүүлөр жана сурамжылоолор, УМБ ишмердиги боюнча маалыматтык жана башка кабарлар пайдаланылды.

Илимий айлампага киргизилген тарыхый булактар беш топко бөлүндү.

*Биринчи топ.* Улуттук жана тилдик саясат, маданияттын жана коомдук турмуштун башка чөйрөлөрү боюнча мыйзам ченемдик актылар, КР Конституциясы (1993), КР Конституциясы (2010), ССР Конституциясы (1977), "Коомдук Бирикмелер жөнүндөгү" мыйзам (1990), "Кыргыз ССРиндеги тилдер жөнүндөгү" мыйзамдар (1989-ж.), КРдин эгемендүүлүгүнүн ар кыл өнүгүү этабында иш жүзүндө улут аралык мамилени жөнгө салуучу укуктук–нормативдик тескөөчү жоболор канчалык деңгээлде ишке ашканы талданып, тарыхый укуктук ыкманы колдонуу менен биринчи топко киргизилген тарыхый булактардын маалыматтык мүмкүнчүлүгү аныкталды. УМБнын тарыхын изилдөөдө мыйзам актыларын илимий айлампага киргизүүдөн мурун, алардын ар бир жобосун тиги же бул тарыхый шартта ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн аныктоо, экинчиден ал жоболор канчалык деңгээлде укуктук-нормативдик функциясын эффективдүү аткара ала тургандыгын аныктоо зарыл.

*Экинчи топ. Архивдик материалдар.* КРнын саясий документацияларынын Борбордук мамлекеттик архивинде КЭА тарабынан топтолгон материалдар, отчеттор, протоколдор, улуттук-маданий борборлордун ишмердүүлүгүн чагылдырган маалыматтар сакталат. УМБны түзүүнүн жана анын ишмердигин изилдөө боюнча бай материалдарды КР Юстиция министрлигинин күндөлүк архивинен табууга болот. Экинчи топко кирген тарыхый булактар маалымат жагынан кенен, андыктан аларды негизги маселе катары талдоого боло тургандыгын биздин изилдөө көрсөттү. Кыргызстан элинин Ассамблеясы түзүлгөндөн кийин улуттук-маданий борборлордун жана анын филиалдарынын ишемердүүлүгүн чагылдырган отчеттор, каттар, иш пландары, справкалар ж.б. документтер Кыргыз Республикасынын Саясий документтери катары Борбордук мамлекеттик архивдин 56, 4535, 511 жана 1445 фонддорунда сакталып келет. Ф.4535 1994-2003–ж. архивдик материалдарды сактоо бир багытка, тактап айтканда, УМБнын маданий ишмердүүлүгүнө арналгандыктан, башка фонддун материалдарын да колдонуу зарылчылыгы келип чыкты.

Архивде сакталган тарыхый булактарды илимий айлампага киргизүүдө мамлекеттик жана коомдук иш жүргүзүү кагаздарын булак катары өзгөчөлүгүн эске алуу менен, андагы маалыматтар канчалык деңгээлде объективдүү чындыкты толук, айкын чагылдырганын аныктоо керек. Ал үчүн ар бир мамлекеттик уюмдардын структурасын жана функциясын талдап чыгып, тиги же бул даректердин кандай максат менен пайда болгондугун, максатын жана бүгүнкү күндөгү абалын анализдөө зарыл. Демек, УМБнын тарыхын изилдөөдө архивдик материалдар негизинен жетиштүү деп айтууга болот.

*Үчүнчү топко* УМБнын ишмердиги боюнча жарык көргөн документтердин, материалдардын жыйнагы жана КЭАнын Курултайларды өткөрүү боюнча жарык көргөн материалдардын жыйнактары саналат. Аталган жыйнактардын булак таануучулук баалуулугу, биринчиден, жарыяланган документтердин мазмуну республикабыздын өнүгүү этаптарында УМБнын ишмердүүлүгүн кайсы багыты көйгөйлүү маанилүү болгондугун чагылдырат, ал эми экинчиден жарыяланган жыйнакта УМБнын ишмердүүлүгү мамлекеттик деңгээлде кайсы критерийлер менен бааланып, андан ары бул уюмдун өнүгүү, өзгөрүү багытынын себептерин ачып берүүгө кенен өбөлгө түзөт. Айтылган тарыхый булактарды колдонууда айрым маалыматтар конкретүү тарыхый кырдаалга байланыштуу реалдуулукту чагылдырууда ашыкча саясатташып кеткенин эске алуу зарылчылыгы келип чыгат.

*Төртүнчү топ.* Иштин дагы бир негизги булагы катары Кыргызстан элдеринин диаспораларынын турмушун чагылдырган СССРдин, Кыргызстан [200-208] менен Россиянын мезгилдүү басылмаларынын жана массалык маалымат каражаттарынын материалдары жана интернет ресурстары эсептелинет. Бул багытта Улуттук маданий борборлордун алдында түзүлгөн массалык маалымат каражаттары, б.а. уйгур коомунун газеталары «Иттипак» жана «Виждан авазы», Славян диаспорасынын «Содружество» газетасы, немистердин «Zeitung der Deutscnen Kyrgyzstany» газетасы, еврей улуттук маданий борборунун “Мааян” газетасы, дунгандардын “Хуэймин бо” газетасы,

корейлердин “Ильчи” газетасы, поляктардын "Полонус в Кыргызстане" журналынын беттеринде улуттук маданий борборлордун ишмердүүлүгүн, Кыргызстанда жашап келе жаткан көп улуттуу диаспоралардын тарыхын, инсандардын эскерүүлөрүн, коомдо болуп жаткан ар кандай саясий окуяларды, экономиканы, улут аралык ынтымакты чагылдырган материалдар изилдөөнүн фактылык негизин байытып берүүгө өбөлгө түзөт. Бирок айтылган тарыхый булактарды илимий айлампага киргизүүдө алардан башка тарыхый булактардан айырмаланып субъективдүүлүк көбүрөөк экенин эске алышыбыз керек. Мезгилдүү басма сөздөр менен интернет ресрустарын илимий айлампага киргизүүдө негизги көңүлдү ар бир тарыхый булактын авторлорунун улутун, коомдогу ээлеген ордун, кесибин жана билим өзгөчөлүктөрүн, материалдардын кандай тарыхый шартка же кандайдыр бир окуяга байланыштуу пайда болгонун эске алуу менен, андагы маалыматтардын илимий баалуулугун аныктоо зарыл.

Статистикалык булактар, илимий социологиялык сурамжылоо жана изилдөөнүн теориялык- методологиялык ыкмалары диссертациялык иште өзүнчө бир бөлүктө талдоого алынды. 1926, 1939, 1959, 1979, 1989, 1999, 2009-жылдардагы Бүткүл дүйнөлүк калкты каттоонун жыйынтыктоочу басылмаларынын [131,132,133,134], Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары, 1991, 1992, 1993, 1994, 1995, 1996-жылдардагы демографиялык күндөлүктөрдө катталган Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин малыматтары, Кыргыз Республикасынын демографиялык күндөлүгүн (Бишкек, УлутСтатКом -1991, 1992, 1993, 1994, 1995, 1996) [133,134], жалпылоочу түркүмдөгү маалымдамалары; бүткүл дүйнөлүк маанидеги маалымдама басылмаларынын маалыматтары, өлкөнүн эл чарбасы боюнча жылдык маалыматтарды камтыган мамлекеттик статистиканын тутумдук маалыматтары бул диссертациялык иштин негизги статистикалык булактарын түздү. Бул булактарда калктын саны туурасындагы маалыматтар, республикада жашаган улуттук курам, улуттардын өзүнчө айкалышы, европа улуттарынын миграциясы, табигый кыймылдар ар бир улут боюнча калктын иш менен камсыз болушу жана жалпы калктын билим алуу жана социалдык-профессионалдык курамы камтылган [35,110], ошондой эле, республиканын өнөр жай комплекси, ар кандай деңгээлдеги окуу жайларынын саны туурасындагы маалыматтар бар.

Статистикалык тарыхый булактарды колдонууда Кыргыз Республикасынын административдик аймактык территорияларынын XX к. өзгөрүп турушу, ар бир статистикалык байкоолордун максатына жараша изилдөө программаларынын айырмачылыгы жана көрсөткүчтөрүнүн бир каттоодон экинчи каттого карата дайыма өзгөрүлүп турушу этнодемографиялык кырдаалды чагылдырууда узак убакытка карата динамикалык катарларды түзүп салыштыруу анализин жүргүзүүдө кыйынчылыктарды туудурат. Айтылган булак таануулук проблемаларды чечүү үчүн жарыяланган статистикалык тарыхый булактардан сырткары, архивде сакталган алгачкы маалыматтарды колдонуу зарыл. Негизинен диссертациянын алкагында изилденип жаткан

проблемалар боюнча статистикалык тарыхый булактар жетиштүү түрдө этнодемографиялык абалды чагылдырып бере алат.

Автор тарабынан 2011-жылы Ж.Баласагын атындагы КУУнун “Булак таануу, тарыхнаама жана тарыхый информатика” кафедрасы менен бирдикте өткөргөн илимий долбоордун негизинде Чүй, Талас, Ысык-Көл жана Ош областтарындагы чакан этностор арасында (курддар, чечендер, дунгандар, түрк-азербайжандар, анын ичинде орустар) жүргүзүлгөн илимий социологиялык сурамжылоо диссертациялык изилдөөнүн булагы болуп эсептелет. Анкетанын 47 суроосуна 500 кишиден жооп алында, алардын ичинен Чүй областынан - 150 респондент, Ош областынан – 120 респондент, Талас областынан - 130, Ысык-Көл областынан – 100 кишиден ашык респондент суралды. Социологиялык сурамжылоонун натыйжасы УМБнин жана КЭАнын Кыргызстанда жашап жаткан улуттук азчылыктардын арасында жүргүзгөн ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн тастыктай турган баалуу тарыхый булак болуп эсептелет.

Диссертациялык изилдөө *тарыхый* принциптин негизинде иштелип чыкты жана ал чындыкты объективдүү чагылдырууга кызмат кылат деп ишенебиз. Диссертациялык иште изилдөөнүн методологиялык негизи болуп азырынча постсоветтик тарых илиминде кеңири тарала элек жаңы дискуссиялык теория-методологиялык жана изилдөөчү мамилелер эсептелет.

Мындан тышкары, ар түрдүү изилдөө ыкмаларынын бүтүндөй комплекси колдонулду, мисалы, *статистикалык, тарыхый-салыштырма, структура-функционалдык анализди колдонуунун теориялык анализи, хронологиялык, салыштырма* ыкмалары. Ошондой эле, изилдөө объектисинин өзгөчөлүгү жана коюлган максат төмөнкү ыкмаларды: социологиялык (интервью алуу жана байкоо жүргүзүү); аксиологиялык жана прогноз жүргүзүү ыкмасын колдонуу зарылдыгын шарттады.

Үчүнчү бап **“Маданий борборлордун ролу жана ишмердүүлүгү”** деп аталып, анда улуттук маданий борборлордун түзүлүшүнө жана ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүлдү. Кыргызстан Компартиясынын борбордук комитетинин алдындагы Улуттук жана улуттар аралык мамилелер маселелери боюнча комиссиянын кезектеги отурумунда Республикалык элдердин достугу үйүн түзүү жөнүндө маселе каралган. Анын негизги милдети окуу жайлардын, илимий жана идеологиялык мекемелердин, коомдук уюмдардын ишин илимий-методикалык жактан камсыз кылуу болуп эсептелген. Ошол эле мезгилде Элдердин достугу үйүндө достук музейин түзүү белгиленген. Анда кыргыз элинин экономикасынын, илиминин жана маданиятынын калыптанышынын башатында турган эң көрүнүктүү орус жана советтик окумуштууларынын, жазуучулардын, композиторлордун китептери, өздүк документтери коюлган. Кыргызстанда орус жана кыргыз мектептери менен бирге 141 мектепте өзбек, тажик, немис, дунган тилдери эне тили катары окутулуп жатат деп белгиленет .

Кыргызстан КП БКнын 1988-жылдын 21-майындагы Пленумунун отурумунда республикада жашап жаткан улуттук топтордун маданий талаптары толук канааттандырылып жатат деп айтылат. Клубдарда жана маданият үйлөрүндө өздүк көркөм чыгармачылык боюнча иш алып барган 17 дунган, 12

немис, 8 уйгур, 6 курд тобу болгон. Теле көрсөтүүгө немис, дунган жана орус тилдериндеги берүүлөр киргизилген. Башка улуттардын өкүлдөрү үчүн мүнөздүү маселелерди, тилди жана маданиятты өнүктүрүүнү канааттандыруу үчүн шарттар түзүлгөн. Эне тили катары немис тили 11 мектепте, дунган тили — 10 мектепте, күрд тили — 5 мектепте, түрк тили — 4 мектепте, уйгур тили — 3 мектепте окулган. Кыргызстан КП БКнын 1990-жылдын 13-январындагы XIV Пленумунун токтомунда практикалык иштердин планы түзүлгөн. Анын 6-пунктунда ар кайсы улуттардын тилин жана маданиятын өнүктүрүү маселелерин чечүүдө, мектептерди эне тилиндеги адабият менен камсыз кылууда, өз чөйрөсүнөн мугалимдерди тандоодо, улуттук-маданий борборлорду түзүүдө негизинен ушул эле элдердин өкүлдөрү жасай алаары айтылган

1991-жылдын 21-августунда Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын «Коомдук бирикмелер жөнүндө» Мыйзамын колдонуусу туурасында» Указы чыккан. 1991-жылы 9-октябрда 18 коомдук бирикме: «Славян фонду», «Корей бирикмесине жардам берүү боюнча ассоциация», «КР советтик немистердин «Кайра жаралуу» коому, «КР түрктөрдүн ассоциациясы», «КР корейлердин Чинсон ассоциациясы», «Советтик дунгандардын ассоциациясы», «КР советтик уйгурлардын «Иттипак» маданий-агартуу коому» катталган, алардын максаты улуттук маданиятты, каада-салтты, тилди кайра жаратуу жана өнүктүрүү болгон.

1991-жылдын 8-июлунда 13 улуттук-маданий борборлор иш алып барып турушкан, алардын экөө: «Кыргыз эли» жана «Манас-Ата» коомдору, бирөө Кыргыз Республикасынын элдик таланттарынын союзу жана калгандары: Немис маданиятынын борбору, Славян фонду, Кореяны бириктирүүгө жардам көрсөтүү ассоциациясы, КР советтик немистеринин «Кайра жаралуу» коому, КР советтик уйгурларынын «Иттипак» маданий-агартуу коому, КР түрктөр ассоциациясы (АСТУРК), Корейлердин «Чинсон» (Достук) ассоциациясы, КР өзбек калкынын «Орзу» (Кыял) маданий борбору, Советтик дунгандар ассоциациясы (СДА), Ош облусунун өзбек улуттук-маданий борбору, Татар-башкырлардын «Туган-Тел» коомдук маданий борбору болгон.

Учурда республикалык УМБлар өздөрүнө өзгөчө көңүлдү буруп, Бишкек шаарынын аймагында түзүлүп, өз ишмердүүлүктөрүн жайылтып жатышат. Бул коомдук чөйрөнүн мыкты даярдыгынын натыйжасында республикалык деңгээлде жаңы улуттук-маданий борборлор натыйжалуу иш жүргүзүүдө. УМБнын тажрыйбасынан жана жалпы жыйынтыктарынан бир катар бүтүмдөрдү чыгарса болот. *Биринчиден*, алар 80-жылдардын аягындагы советтик коомду, анын саясатын, идеологиясын, социалдык-демографиялык курамын жана башка тутумдук элементтерин камтыган бардык жылыштардын жана өзгөрүштөрдүн контекстинде пайда болгон. ССКП тарабынан жарыяланган «кайра куруу» улуттук маданий борборлордун өсүшүнө жана бекемдешине жакшы шарт түзгөн. СССРдин кулашы жана демократиялык укуктук коомду куруу жолуна түшкөн көз карандысыз Кыргызстандын түзүлүшү улуттук биримдиктердин иштөө мүмкүнчүлүктөрүн жана багытын кеңейткен. *Экинчиден*, улуттук-маданий борборлор тоталитардык коомдун очогунда жаралды, бирок ошол эле убакта,

тигил же бул этностордун улуттук жана маданий өнүгүүсүнүн атаандаш программаларын сунуш кылуу менен, алар тоталитардык тартиптин калдыктарын солгундатып, өз элин саясий жана коомдук жашоого үйрөтө башташты. *Үчүнчүдөн*, программалык жоболор кайрадан иштелип чыкты, алар кийинчерек ар кайсы саясий партиялардын, мамлекеттик программалардын теориялык материалдарында өз ордун тапты. *Төртүнчүдөн*, улуттук-маданий борборлордун активи кандайдыр билимге жана коомдук-саясий иштин позитивдүү тажрыйбасына ээ боло алды.

Кыргызстанда азыркы мезгилде 29 этностун улуттук-маданий борборлору иштеп жатат жана алардын 72 филиалы өлкөнүн баардык региондорунда түзүлгөн. УМБга тиешелүү негизги иш аракети маданий агартуучулукка багытталган. Алардын ичинен бүгүнкү күндө өзүнүн активдүүлүгү менен айырмалаган УМБларды 4 топко бөлсөк болот, анткени алардын ишмердүүлүгү акыркы 150 жылда болуп өткөн саясий–коомдук процесстерге түздөн-түз байланыштуу. 1. Байыртадан чектеш жашаган элдердин өкүлдөрүнүн улуттук маданий борборлору. Бул уюмдардын негизги багыты чектеш жашаган элдердин союз ыдырагандан кийин Кыргызстанда калуу жана башка улуттар менен бирдикте ынтымактуу жашоого багыттайт. Мисалы, аларга тажик, казак, өзбек маданий борборлору кирет. 2. Бул топко россиялык-совет доорунда колонизация жана советтик коомду курууга атайын максаттуу түрдө өз ыктыяры же мажбурлоо жолу менен жер которуп келген улуттардын өкүлдөрүнүн улуттук маданий борборлору (орус, украин, белорус ж.б.) кирет. Бүгүнкү күндө бул УМБнин негизги максаты Кыргызстанда жашап калган өкүлдөрүнүн тилин, маданиятын сактап калуу жана тарыхый мекени менен байланышты жандандыруу, ал жактан жардам алуу менен ишин алып баруу. 3. XIX к. акырында жер которуп келген, бүгүнкү күндө мамлектүүлүккө ээ болбогон уйгур жана дунган УМБлары. Бул УМБлардын негизги ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасында жашаган өкүлдөрдүн башын бириктирүү менен дүйнөлүк деңгээлде улут аралык уюмдардын ишине активдүү катышуу менен түшүндүрүлөт. 4. Совет доорунда депортацияланып келген элдердин УМБси (чечен, ингуш, кабардин-балкарлар, крым татарлары, корейлер, грузиндер ж.б.). Бул процесс өтө трагедиялуу болгондуктан, УМБнин иш жүргүзүү боюнча биринчи тобуна кирген УМБдан айырмаланып, булардын негизги иш багыты трагедиянын негизги себеби саясий система экенин түшүндүрүү жолу менен толеранттулука үндөө болуп саналат.

Жогорудагы УМБлардын ичинен активдүү иш алып баргандары катары: «Иттипак» Кыргыз Республикасынын уйгурлар коому, «Туган Тел» татар-башкыр коомдук маданий борбору, Кыргызстандын немистер коому, «Ахыска» түрктөрүнүн коомдук бирикмеси, «Берегиня» украин коому, корейлердин коомдук бирикмеси, дунгандар ассоциациясы, күрддөрдүн «Мидия» коомдук бирикмеси, Кыргызстандагы еврей маданиятынын «Менора» коомдору кирет, анткени булар өзүнүн ишмердүүлүгүндө социалдык-экономикалык жактан үзүрлүү улантып жатат, б.а. бул улуттук-маданий борборлор Кыргызстанга инвестиция тартуу менен бирге ар кандай тармактагы ишканаларды ачып, жаңы

жумуш орундары менен кыргызстандыктарды камсыз кылууда. Белгилей кете турган нерсе улуттук-маданий борборлор өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргызстандын аймагында жашаган элдерди этностор аралык ынтымакка чакыруу менен толеранттуулукту негизги принцип катары колдонушат.

Өлкөбүздөгү 1994-жылдын башталышында түптөлгөн коомдук-саясий жагдай, ошондой эле улуттук-маданий борборлордун биригүүгө карата умтулуусу - 1994-жылдын 22-январында болуп өткөн Кыргызстан элинин Биринчи курултайында Кыргызстан эл ассамблеясын түзүүгө өбөлгө түздү, ал калктын бардык этностук топторунун кызыкчылыктарын ар тараптуу жана өз убагында камсыз кылууга жана улуттар аралык мамилелерди башкаруу механизмдерин өркүндөтүүгө багытталган. Диаспоралардын, улуттук-маданий борборлордун өкүлдөрү, республиканын мамлекеттик жана коомдук белгилүү ишмерлери анын түзүлүшүн демилгелөөчүлөрдөн болушкан. Демилге, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан колдоого алынган. I Курултайда Ассамблеянын курамына 11 этностук ассоциация жана бейөкмөт уюмдар, кыргыз маданиятын жана социалдык чөйрөсүн кайра жандандыруу тармагында иштеген өкүлдөрү кошумча мүчө болуп киришкен. Бүгүнкү күндө КЭАнын курамында 30 Этностук коомдук уюмдар ассоциациясы жана КЭАнын Ош жана Жалал-Абад облустарындагы 2 аймактык бөлүмү, ал эми Токмокто – Этностук өнүктүрүү кеңеши бар. Этностук коомдук уюмдардын жана улуттук-маданий борборлордун Нарын облусун кошпогондо баардык облустар боюнча 72 филиалы ишин алып барышат. Кыргызстан көп улуттуу мамлекет болгондуктан КЭАга караштуу регионалдуу улуттук маданий борборлордун филиалдарынын ачылышы улут арасындагы маселелерди жергиликтүү баскычта чечип туруугa шарт түзөт.

Биздин КЭАнын эл аралык мамилелер чөйрөсүдөгү иш тажрыйсы 1995-жылы Казакстан элдеринин, 1997-жылы Россия Федерациясынын ассамблеясын түзүү учурунда кабыл алынган. Алгачкы мезгилде (1994-1996-жылдары) КЭА уюштуруу түзүмүн, өз ишинин материалдык-техникалык базасын түздү жана мамлекеттик органдар, бейөкмөт уюмдар, эл аралык уюмдар, ошондой эле чет өлкөлөр менен өз ара иш алып баруунун формаларын жана ыкмаларын издеди. Негизинен өз каражаттарына таянуу менен, о.э., ата-мекенинен каражат тартуу менен өз ишин жүзөгө ашырып жатышкан этностук уюмдардын салымын белгилей кетүү зарыл. Этностук уюмдардын өкүлдөрү биздин өлкөнүн билим берүүсүн, маданиятын, саламаттыктыгын, экономикасын, бизнесин жана тышкы экономикалык байланыштарын өнүктүрүүгө өз салымдарын кошууда.

КЭАнын дээрлик бардык мүчөлөрүндө өздүк көркөм чыгармачылык жамааттары бар, алар өзүнүн чыгармачылык деңгээлдерин дайыма жогорулатып турушат. Этностук уюмдардын өздүк газеталары да бар, алардын негизги максаты – нейтралдык позицияны кармоо менен өз элинин коомдук-саясий жашоосун кеңири чагылдыруу, башка улуттарды тарыхы жана өзгөчөлөнгөн улуттук маданияты менен тааныштыруу, окурмандарга республиканын ичиндеги жана андан тышкаркы жерлердеги окуялар жөнүндө маалымдоо, эл арасында патриоттук сезимди ойготуу. Бул ЖМКлардан тышкары ОБСЕнин колдоосу

менен Этностук саясат институту тарабынан «Этностук дүйнө» деп аталган маалыматтык-аналитикалык журнал чыгарылса, «КЭА жарчысы» коомдук журналы кыргыз жана орус тилдеринде Сорос-Кыргызстан коомунун жана Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын колдоосу астында 2006-жылы жарык көргөн. Немистер коомунда, еврей маданиятынын «Менора» коомунда, корейлердин коомдук бирикмесинде, «Свитанок» белорус коомунда, «Иттипак» уйгур коомунда, дунган ассоциациясында, татар-башкыр маданий борборунда, өзбек маданий борборунда Улуу Ата мекендик согуштун ардагерлерине, афганецтерге, жардыларга, жетимдерге, оорулууларга, студенттерге социалдык жардам көрсөтүү жана медициналык кызматтарды сунуштоо мыкты өнүккөн.

Биздин изилдөөбүздүн натыйжасында белгилүү болгондой, КЭА уюм катары УМБнын гана милдеттерин кенен мамлекеттик деңгээлде координациялоочу орган катары иштеп келген. Бирок, 1990-жылдагы Ош трагедиялуу окуясынан кийин КЭАнын ишмердүүлүгүндө улут аралык араздашылууларды болтурбоо жана аны алдын алуу багытындагы иштер жүргүзүлгөн эмес. Натыйжада, декларативдик этностор аралык тилектештик жөнүндө ураандарды даңазалап, иш жүзүндө аны реализациялоо боюнча механизмдери иштелип, мамлекетке сунуштаган эмес. КЭАнын улуттар аралык чыр-чатакты алдын алуу боюнча толук кандуу өз ишин жүргүзбөгөндүгүн 2006, 2009, 2010-жылдары, айрыкча түштүктөгү июнь окуялары далилдеп берди. Анткени, Кыргызстан элдеринин ассамблеясы бүгүнкү күндө мамлекетке кеңеш берүүчү статусуна гана ээ, ал эми улуттук-маданий борборлордун ишмердүүлүгү негизинен ассамблеядан тышкары жүрүп жатканы белгилүү. Акыркы мезгилдерде ассамблеянын негизги иши Кыргызстанда өткөрүлүүчү майрамдарда жана ж.б. иш-чараларда кеңири пайдаланууда, ал эми этностор арасындагы жана ар кыл уюмдук функцияларга тийиштүү иш чаралары коомдо толук, жеткиликтүү ордун таба элек.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР

Улуттук-маданий борборлор уникалдуу системалык коомдук-саясий институт болуп саналат, ал саясий системанын позитивдүү иштешине жардам берет жана саясий коомдун демократизациясынын өнүгүшүнө баа жеткис салым кошот. УМБ улуттар аралык алака-байланыштын, баарлашуунун жаңы демократиялык маданиятынын калыптанышына шарт түзөт, мамлекеттин улуттук саясатында маданий негиз катары кызмат кылат. Бул коомдук-саясий институт этностук азчылыктарга өздөрүнүн маданий каада-салттарын аздектеп урматтого жана өнүктүрүүгө өбөлгө болот, эне тилин үйрөнүүгө, түпкү улуттук каада-салттарын калыптандырууга ыңгайлуу шарттарды түзөт, натыйжада бул көз карандысыз эгемендүү мамлекеттин демократиялык этностор аралык андан аркы мамилелери үчүн маанилүү болуп саналат.

Улуттук-маданий борборлор 80-жылдардын экинчи жарымында совет коомун, анын саясатын, идеологиясын, социалдык-демографиялык структурасын жана башка системалык элементтерин камтыган өзгөрүүлөрдүн жана алдыга жылуулардын контекстинде пайда болду. Улуттук-маданий борборлор

тоталитардык коомдо пайда болду, бирок ошол эле учурда тигил же бул этностордун улуттук жана мадний өнүгүүсүнүн альтернативалуу программаларын сунуш кылуу менен алар тоталитардык режимдин негиздерин бошоңдотуп, өз элин саясий жана коомдук ишмердикке тарткан.

Бүгүнкү күндө алар саясий системанын маанилүү элементи болуу жана топтолгон конструктивдүү мүнөздү пайдалануу менен улуттар аралык мамилелерди турукташтыруу процесстерине таасирин тийгизүүдө. Улуттук-маданий борборлорду өнүктүрүү үчүн постсоветтик мейкиндикте биринчилерден болуп Кыргызстан эл ассамблеясы түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу бул консультативдик-кеңешме орган өз ишмердиги менен этностор аралык чөйрөдө көптөгөн маселелерди чечип, бул институттун иштешинин турмуштук зарылдыгын далилдеди. Кыргызстандын улуттук-маданий борборлорунун калыптануусун жана өнүгүүсүн изилдөө, коомдук-саясий институт катары анын ишмердигинин негизин аныктоо эгемен республикада өтүп жаткан саясий жараяндарды өркүндөтүү үчүн, ошондой эле позитивдүү демократиялык өнүгүү жолдорун жана механизмдерин мындан ары аныктоо үчүн практикалык жактан маанилүү.

## МААНИЛҮҮ СУНУШТАР

1. Мамлекет диаспоралардын өкүлдөрү катары УМБ менен конструктивдүү диалог жүргүзүүгө тийиш жана алардын рухий-маданий баалуулуктарын натыйжалуу пайдаланышы керек.

2. Улуттук-маданий борборлордун ишин активдештирүү үчүн Жогорку Кеңеш тарабынан бул коомдук-саясий институт жөнүндө жана Кыргызстан эл ассамблеясы жөнүндө мыйзамдарды кабыл алуу максатка ылайык, мындай мыйзамдар алардын ишмердигинин горизонтторун кеңейтмек.

3. Маданият министрлиги Жогорку Кеңеш жана Өкмөт менен бирдикте мамлекеттик бюджетти бекитүүдө улуттук-маданий борборлорду, Кыргызстан эл ассамблеясын, Достук үйлөрүн, Улуттук кайра жаралуу мектептеринин адабият сатып алууга, фестивалдарды жана башка иш-чараларды өткөрүүгө, ошондой эле окутуучулардын айлык акысын көбөйтүү үчүн кошумча каржылоо тууралуу статьяны карап чыгышы керек. Ушуга байланыштуу, өкмөттүн тийиштүү токтом кабыл алышын максатка ылайык деп эсептейбиз;

4. Улуттук-маданий борборлордун натыйжалуу ишмердиги үчүн тарыхый өткөндүн өзгөчөлүктөрүн, миграциялык жараяндардын мүнөзүнүн өзгөрүшүн эске алуу менен өлкөдө этнодемографиялык кырдаалды жакшыртуу үчүн программаны иштеп чыгуу керек. Этностордун коомдук бирикмелери жана ага жардам көрсөткөн туура демографиялык саясат олуттуу мааниге ээ.

5. УМБларды Кыргызстан Эл Ассамблеясына (КЭА) кошуу идеясы республикада колдоо тапты. Мындан тышкары КЭАнын филиалдары жана Токмок шаарында Этностук өнүктүрүү борбору (ЭӨБ) сыяктуу аймактык УМБлар бар. Жалпыга маалымдоо каражаттары КЭАнын ишмердигин чагылдырып турат. Ошондой болсо да, Кыргызстандын бардык УМБларынын

жана Кыргызстан эл ассамблеясынын бирдиктүү ишмердигин чагылдырган өзүнчө басма органын түзүүнү сунуш кылабыз.

6. УМБлардын ишмердигин жана улуттар аралык мамилелерди позитивдүү өнүктүрүү республикада жашаган этностордун өзгөчө маданиятын, салттарын, тилин кайра жаратуусуз жана өнүктүрүүсүз, улуттук наркын коргоосуз мүмкүн эмес. УМБ ишмердигин кеңейтүү - республикадагы маданий жана тилдик көп түрдүүлүктү сактоонун кепилдиги болуп саналат.

7. Биздин оюбузча, жарандардын улуттук-маданий бирикмелеринин концепциясынын алкагында этностук маселени чечүү, кыргыз этносаясатынын көбүрөөк оптималдуу жана келечектүү багыты болуп саналат. Өлкө алдында оңой эмес милдет – туруктуу улуттар аралык мамилелерди сактоо турат. Бул максатка жетүү факторлорунун бири - Кыргызстандын этностук элдеринин улуттук-маданий борборлорун сактоо жана алардын ишмердигин өнүктүрүү болуп эсептелет.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**

1. 1. *Жумалиева, С.Ч.* Истоки образования Ассамблеи народов Кыргызстана [Текст] / С.Ч. Жумалиева // Депортация и реабелитация народов в СССР в 20-80-е годы XX века. Исторические уроки. Материалы научно-практических конференции. – Бишкек: КРСУ, 2010. – С.146-155.

2. *Жумалиева, С.Ч.* Роль АНК в общественной жизни Кыргызстана [Текст] / С.Ч. Жумалиева // Казахстан в XXI веке: образование, наука, общество: материалы X ежегодной международной научно-практической конферецbackground студентов, магистрантов, соискателей, аспирантов и докторантов, посвященной 20-летию независимости республики Казахстан и 20-летию образования СНГ. - Алмата, 2011. – С. 333-341.

3. *Жумалиева, С.Ч.* Полиэтническое население Кыргызстана: тенденции и динамика формирования (с конца XIX до начала XXI века) [Текст] / [Ш.Д. Батырбаева, А.Р. Бикбулатова, А.Т. Кушубеков и др.]. – Бишкек, 2011. - 260 с.

4. *Жумалиева, С.Ч.* Национальные культурные центры в Кыргызстане и их роль в консолидации полиэтнического общества [Текст] / С.Ч. Жумалиева // Вестник ПГУ. - Павлодар, 2011. - №1-2. – С. 144-148.

5. *Жумалиева, С.Ч.* Деятельность Ассамблеи народов Кыргызстана в консолидации общества [Текст] / С.Ч. Жумалиева // Вестник КНУ. - 2011. - №5. – С.91-95.

6. *Жумалиева, С.Ч.* Из истории курдской диаспоры Кыргызстана [Текст] / С.Ч. Жумалиева // Традиции и инновации в культуре курдов Кыргызстана: сб. трудов. - Бишкек, 2011. – С. 35-38.

7. *Жумалиева, С.Ч.* Кыргызстандагы улуттук-маданий борборлордун проблемаларын изилдөөнүн тарыхнаамалык багыттары [Текст] / С.Ч. Жумалиева // Известия вузов. – Республиканский научно-теоретический журнал. – Бишкек. - 2012. - №2. – 142-145-бб.
8. *Жумалиева, С.Ч.* Кыргызстандагы улуттук-маданий борборлордун түзүлүү шарттары жана өбөлгөлөрү [Текст] / С.Ч. Жумалиева // Наука и новые технологии. – Республиканский научно-теоретический журнал. – Бишкек. - 2012. - №2. – 181-184-бб.

**Жумалиева Сайкал Чубаковнанын “Кыргызстандагы улуттук-маданий борборлордун түзүлүшү жана маданий ишмердүүлүгү” деген темада 07.00.02 - Ата Мекендин тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

***Негизги сөздөр:*** *Кыргызстан элинин Ассамблеясы, этносаясат, улуттук саясат, полимаданият, улуттук-маданий борбор, этнос, диаспора*

**Диссертациянын негизги максаты -** улуттук-маданий борборлорунун пайда болушу жана алардын ишмердүүлүктөрүнүн тарыхын изилдөө, анын маани-маңызын ачуу, ошондой эле, УМБнын коомдук-саясий ишмердүүлүгүнүн теориялык жана практикалык аспектилерин, анын Кыргыз Республикасынын этносаясий өнүгүшүнө тийгизген таасирин изилдөө.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп, Кыргызстандын көп улуттуу калкы жана анын кызыкчылыгын чагылдырган улуттук-маданий борборлор саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп, улуттук-маданий борборлор жана Кыргызстан элинин ассамблеясы, алардын көп кырдуу ишмердүүлүгү, ошондой эле алардын республикадагы улут аралык биримдиги эсептелинет.

**Изилдөөнүн методологиясы** дискуссиялык теория-методологиялык жана изилдөөчү мамилелер, социологиялык сурамжылоо, статистикалык, тарыхый-салыштырма, структура-функционалдык анализ, талдоо, хронологиялык, салыштырма ыкмалары колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары жана жаңылыгы.**

УМБ ролунун өсүшүнүн объективдүү жана субъективдүү факторлору чечмеленди; Кыргызстан калкынын ассамблеясынын пайда болуу себептери боюнча автордун көз карашы сунушталып, буга окшогон этносаясий институттардын КМШнын мейкиндигинде пайда болуусу каралган; УМБнын этносаясий институт катары көп улуттуу мамлекет болгон Кыргыз Республикасындагы иш-милдеттери, ошондой эле демократиялык саясий тутумдардагы стабилдештирүүчү фактор катары чечүүчү ролу аныкталган.

Кыргызстан калкынын ассамблеясынын ичиндеги улуттук борборлордун функциясынын жолдору, ыкмалары жана механизмдеринин иштеши негизделген;

Диссертациянын материалдарын коомдук-саясий, мамлекеттик жана эл аралык ишмерлер, ошондой эле улуттук-маданий борборлор тарабынан социалдык жана маданий программаларды иштеп чыгууда улут аралык мамилелерди ар тараптан арыздашууларды Кыргызстандагы туруктуулук, коопсуздук көйгөйлөрүн жана тутумдук абалды талдоодо, ЖОЖдордогу тарыхый жана башка социалдык-гуманитардык сабактарда, этносаясат проблемалары боюнча атайын курстарда жана даярдоо сабактарында колдонууга болот. Мындагы негизги жоболорду конфликтология боюнча атайын курстарды даярдоодо пайдаланса болот.

**РЕЗЮМЕ**
**диссертации Жумалиевой Сайкал Чубаковны на тему: «Образование и деятельность национально-культурных центров Кыргызстана» на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история.**

***Ключевые слова:*** Ассамблея народов Кыргызстана, этнополитика, национальная политика, поликультура, национально-культурный центр, этнос, диаспора.

**Основная цель диссертации** – исследование истории образования и деятельности национально-культурных центров, раскрытие их сущности, а также теоретических и практических аспектов общественно-политической деятельности НКЦ и их влияние на этнополитическое развитие Кыргызской Республики.

**Объектом исследования** являются Национально-культурные центры, отражающие интересы многонационального населения Кыргызстана.

**Предмет исследования -** Национально культурные центры и Ассамблея народов Кыргызстана как фактор межэтнического и гражданского согласия, их разносторонняя деятельность.

**Методологию исследования** составили дискуссионные теоретико-методологические вопросы, социологический опрос, структурно-функциональный анализ, статический, историко-сопоставительный и хронологический методы.

**Научная новизна и результаты исследования.** Раскрыты объективные и субъективные факторы в развитии НКЦ, дан авторский взгляд на причины образования Ассамблеи народов Кыргызстана, рассмотрены становление других этнополитических институтов в странах СНГ, определена роль и задачи НКЦ как этнополитических институтов многонациональной Кыргызской Республики, и как решающего фактора в стабилизации демократических, политических структур.

Обоснованы функции, методы и механизмы НКЦ в Ассамблеи народов Кыргызстана.

Материалы диссертации могут быть использованы в преподавании исторических и социально-гуманитарных дисциплин в вузах, в чтении спецкурсов по проблемам этнополитической, общественно-политической, государственной и международной деятельности, в разработке социальных и культурных программ со стороны НКЦ по вопросам межнациональных конфликтов, стабильности и безопасности Кыргызстана.

Основные положения диссертации рекомендуется использовать в разработке специальных курсов по конфликтологии.

## SUMMARY

**The research work of Zhumalieva Saikal Chubakovna the theme «Formation and activity of the national-cultural centers of Kyrgyzstan». The dissertation of a scientific degree of the candidate of historical sciences on a specialty 07.00.02 – Homeland History.**

**Key words:** The Assembly of Kyrgyz people, the ethnopolitician, the national policy, polyculture, the national-cultural center, ethnos, diaspora.

**The aim of dissertation:** – research of history of formation and activity of the national-cultural centers, disclosing of their essence, and also theoretical and practical aspects of political activity NCC and their influence on ethnopolitical development of the Kyrgyz Republic.

**Object of research:** the National-cultural centers which reflecting interests of the multinational population of Kyrgyzstan.

**Subject of research:** - national cultural centers and Assembly of Kyrgyz people as the factor of the interethnic and civil agreement, their widespread activity.

**The research of methodology:** ware made by the theoretico-methodological questions, sociological problems, the structural functional analysis, static, historical-comparative and chronological methods.

**Scientific novelty and results of research:** In this work were dedicated factors as objective and formation subjective Assembly of Kyrgyz people and considered formation of other ethnopolitical institutes of CIS countries. The role of problems determined as athnopolitical institutes of multinational Kyrgyz Republic, and as decisive factor in stabilization of democratic, political structures.

The settlement of functions, methods and mechanisms of NCC in Assembly of Kyrgyz people.

The materials of dissertation, can be used in teaching of historical and socially-humanitarian disciplines in high schools, in reading of special courses under the problems of ethnopolitical, social-political, state and international activity, in working of social and cultural programs from party NCC concerning international conflicts, stability and safety of Kyrgyzstan.

The main position of dissertation are recommended to be used in working out of special courses on conflictology.